*Кыргыз маданият борбору*

*"ЖЫЛДЫН ТӨРТ МЕЗГИЛИ"*

*ырлар*



# Жылдын төрт мезгили

*Бул китепке "Кыргыз маданият борбору" сайты (http://kmb3.hostenko.com/) 2011-жылы уюштурган бир ыр сынагынын жеңүүчүлөрүнүн жана окурмандардын жылуу пикирине арзыган ырлар киргизилген.*

**Бишкек 2017**

# Мазмуну

**КӨКТӨМ**
ЖАЗ
ОТУЗ БЕШИНЧИ ЖАЗ
ЭСТЕСЕМ ЖАЗДЫ…
БӨТӨН ЖАЗ
ЖАЗ ЖАҢЫРЫГЫ
БЕТМЕ БЕТ

**АПТАП**
АПТАПТА
ЖАЙ КҮНҮ
ТЕРЕКТЕН КАР ЖААП
АБА МУЗДАТКЫЧ

**КҮЗ**
ЧЫКЫРООН КҮЗ
АЛТЫН КҮЗ МЕНЕН АЛТЫН КЫЗ
УШУЛ КҮЗ
КҮЗ КЕЛДИ
КҮЗ КҮҮГҮМ

**КАР**
ТАҢКЫ БУРГАНАК
КАР БҮРТҮК
БУРГАНАК
КАР ЖАНА КЫШ
КАР ЖАНА БАЛАЛЫК
КАРСЕЗИМ
КАР ЖАМЫНГАН КААРДУУ КЫШ

**АВТОРЛОР**

Кыргыз маданият борбору

*“ЖЫЛДЫН ТӨРТ МЕЗГИЛИ”*

*ырлар*

# КӨКТӨМ



# Бакыт Жунусалиев

*("Көктөм" сынагынын жеңүүчүсү)*

## ЖАЗ

Сагынып көлмө саз жерди
Сабалап өрдөк каз келди,
Ырыскы чачып талаага
Ылайды кечип жаз келди.

Күз чечип кеткен бактардын
Көйнөгүн кайра кийгизди.
Саамайын шамал сылаган,
Сулууга жигит сүйгүздү.

Өзөгү бошоп тузактын
Өзөндөр толо муз акты,
Топчусун чечип ак тондун
Тоолорго кышты узатты.

Жашылдан кымкап жапкандай,
Жашарып тоонун этеги,
Конокко төшөк салгандай
Кызарды талаа кечээги.

## Зайырбек Ажыматов

### *("Көктөм" сынагынын 2-орундун ээси)*

# ОТУЗ БЕШИНЧИ ЖАЗ

Жанды ээзет шок сезимдин кыйылганы,
Жүрөктүн акыл бирок сыйынганы.
Укмуштай барктуу анан аянычтуу,
Ушул жаз отуз бештин кырындагы.

Жаштыктын турат окшойт баары нурдан,
Жаздарга жарашыктуу шаарын курган.
Эх аттиң, кездер эми кайрылбайт ээ,
Эрдимде помадаңдын даамы турган…

Бир кезде баары бизге жарашчу эле,
Билектер чырмалышып баратты эле.
Аттиң ай, отуз беште келген бул жаз,
Анчалык жүрөгүмдү канатты не?

Өмүргө, сага, жазга тойбой улам,
Өпкүм бар гүлдү, сени колдоруңдан.
Бул дурус… баркыңарды билип кетем,
Орошон отуз бештин ордосунан.

## Жыпар Арыкова

*(“Көктөм” сынагынын 3-орундун ээси)*

## ЭСТЕСЕМ ЖАЗДЫ…

Эстесем жазды,
Аксыдан арман угулат.
Эстесем жазды,
Ээгимден тамчы куюлат.
Эстесем жазды
Эр жигит келет окко учкан,
Эстетет жазым
«Эрлерди» элди толкуткан.
Жарылып чуркап
Жаз менен жамгыр алдында,
Жаш кетти жандар,
Ата Журт үчүн жан кыйган.
Жаш тамып көктөн,
Жашыган көктөм эсимде,
Жетими дагы, жесири дагы кайгырган.
Жетимиш жигит
Жер жыттап барып кулаган,
Эстедим жазды
Эңшерет мынча бул аалам.
Томуктай жандар,
Томпоюп тоонун боорунда,
Топурак уучтап,
Тоолуктар үчүн сулаган.
Эстедим жазды…

Эшикте жамгыр…
Ыйыбы жетим, жесирдин,
Эсирген байдын
эси жок ишин кечиргин!
Эшикте жамгыр…
Тамчылар ырдайт
Арманды,
Тамчылар ыйы
Атасыз калган жандардын!
Эшикте жамгыр…

## Мелис Маматжан уулу

*(“Кыргыз маданият борбору” сайтынын окурмандарынын сыйлыгынын ээси)*

# БӨТӨН ЖАЗ

Булут жашы тазалыкты апкелди,
Буурул баскан жер бетине тап келди.
Келгин куштай кайтып келген жыл сайын,
Керемет ай, жаздын башы март келди.

Маанай гүлүн чачып келген жаз дайым,
Москвада тостум быйыл жаз айын.
Жаркыраган күн ордуна ак кар жаап,
Жан-дүйнөмдүн берип жатты сазайын.

Кандай сонун болгон эле өткөн жаз,
Карегиме сулуулугун төккөн жаз.
А бул жакта чек арада тургансыйт ,
Алып-учуп чагылгандай көктөм жаз.

Үн чыгарган чымчыгы жок бутакта,
Гүл тамыры өнбөй турат турпакта.
Берет элем Кыргызстандын жаз айын,
Бергин десе белек кылып урпакка.

Келем дале кыргыз жазын унутпай,
Калем күчүн көккө жаям булуттай.

Жер бетинен чыккым келет көгөрүп,
Жаз айында себип койгон уруктай.

Турмуш жолун баскан менен таманым,
Тегеренип мекениме барамын.
Ант беремин эмки жылы жаз айы,
Айылыман сени тосуп аламын.

## Азима Сүйүнбекова

# ЖАЗ ЖАҢЫРЫГЫ

Кар алдында уктап жатып чарчаган
Жаратылыш жатты терең дем алып.
Чүрпөлөрүн койнуна ойнотуп
Жер эненин жаны жыргап сеп алып.

Күндүн пири ашык болгон жер эне
Кулпунасың, седеп мончок тагынып.
Ээ жаа бербей, жүрөк каның сыяктуу
Ээн баш суу, агып жатты чамынып.

Жашоо үчүн жанталашып чымчык да,
Күнгө боюн салып өстү чырпык да.
Жакырчылык мыйзамына кызыгып
Көк шиберлер шыкаалашат жылчыкта.

Мезгил мага, мен мезгилге байланып
Шамал кууган сур булуттай айланып,
Кези келсе калам мен да бир күнү
Кучак жеткис кызыл гүлгө айланып.

Жигит селки маңдайыма келишип,
Жанын берээр ак сүйүүгө эришип,
Кан жүргүзөөр токтоп калган жүрөккө
Жайнап чыккан жоогазындан теришип.

## Азамат Кыязов

# БЕТМЕ-БЕТ

Эй, Көктөм!
Бери кара, жүзүң кандай?
Мен сени
бала күндөн жакшы көрөм,
Мезгил да
Көктөм эле мен төрөлгөн.
Чырайлуу
айымзаттын алкымындай,
Чалкалап
жаңырса да жаңырган ай
Ээритип тоң дүйнөнү келер эле,
эрини Жаз перинин
табийгат ай!
Баар кези
балалыктын жылуу болчу,
Баа жеткис
боектору миң-сан, койчу…
"Мезгилдер ханышасы – Жаз"
дээр элем,
Кармалап
кайырмакты сөөлжан сайчу.
Баёолугум,
анда мен аңдабапмын,
Айырмалап
Жазды Жаздан тандабапмын.
Өмүрдүн

бар Көктөмүн окшош көрүп,
өкүттүү Жаз болорун ойалбапмын.
Ой жок эле,
өзүм дагы бир кезеңде
сөөлжандай ийрелеңдеп,
өзөгүмө кайырмак сайыларын
Ооба, ооба… ойалбапмын…

* * *

“Мен-мен!” деп,
менсиреген пенделердей
Мезгил да
чындыгынан тайып, сулап.
“Чындык!” деп,
чырылдаган кедейлердей,
Көктөм да
көктөй албай жүдөп турат.
Мартыбыз
майыштырбай тилектерди
Апрель
актаса экен үмүттөрдү
Байыртан
бабаларга Жаз жалгаган,
Балкытсын
ушул Көктөм жүрөктөрдү.

* * *

…Өлбөсө экен,
көк чыбыктай
Жигиттер, өлбөсө экен
Өрөөн толо

журт келип, көмбөсө экен…

* * *

Падышалар, падышалар!
Солдаттардай
тизилген катар-катар.
Араңарда
бир Манас жок!
Үзөңгүнү
үзүлгөн кадап алар…
Баарды күтүп,
келээр учуп
келгин куштар парандалар
Бакыт тайып,
кетээр шашып
кеткин куштар — падышалар…

* * *

Эй, Көктөм!
Бери кара, жүзүңө кел!
Жаркытчы,
эл көөдөнүн келер-кетер…
Кыргыздар
кылыч мизин басып турат,
Кылычтай
Ала-Тооңо тынчтык бер!..

*Кыргыз маданият борбору*

*"ЖЫЛДЫН ТӨРТ МЕЗГИЛИ"*

*ырлар*

# АПТАП



## Жылдызбек Турсунбаев

*(“Аптап” сынагынын жеңүүчүсү)*

# АПТАПТА

Акактаган деми сыртка билинип,
Аптап менен алпурушат тирилик.
Ачуу тийет күндүн нуру чекеңе,
Асман бели калган сымал ийилип.

Теребел үп, айырма жок тандырдан,
Тердеп дене, беттер ысып албырган.
Эмнегедир күздү күтүп жаткансып,
Эч дайын жок шамал, булут, жамгырдан.

Кургап булак, кудук соолуп какырап,
Киринүүгө дайра сайга чакырат.
Көчө чаңып, саратандар ызылдап,
Көлөкөлөр үй артына жашынат.

Чегирткелер мойсоп буудай талаасын,
Чырмоок издейт соолубаштын дабасын.
Анда-санда ийнеликтер ойсоңдоп,
Араң сермейт көпөлөк да канатын.

Балдар таппай ойногонго чыдамын,
Бак-дарактар күнгө кактайт ыраңын.
Ах, ысыкта Көлдү самап бараткан,
Асфальт эрип изи түшөт унаанын.

Жанып турган оттон тандап шеригин,
Жалын кылып төгүп чексиз мээримин.
Жандын баарын талыкшытып, суусатып,
Жай сездирет жалпы журтка ээлигин.

## **Жыпар Исабаева**

*("Аптап" сынагынын 2-орундун ээси)*

# ЖАЙ КҮНҮ

Жактырбай көп күндүн ачуу ысыгын,
Көлөкөдө кыр-кур этет мышыгым.
Акактаган боз күчүктүн мурдуна,
Чымын конуп келтирүүдө кыжырын…

Томуктай да булуту жок асманы,
Илебине эрий жаздап таш дагы,
Ай ааламга ээлик кылып элпилдейт,
Жай айынын мээ кайнаткан аптабы.

Далбаластап дан ташыган кумурска,
Дагы качан жетет десең уюкка…
Чөп башында кукулуктайт мекиян,
Сүйүнчүлөп "таштаганын" жумуртка…

Чокчогой, ак сакалы бар ээгинде,
Чал бастырып баратса аңыз жээгинде,
Ийик ийрип ойго баткан чоң энем,
Көз кыйыгын салып коёт кээ бирде…

А мен гүлдөн таажы кийип башыма,
Күн желесин кошуп өрүп чачыма…
Кыялымда Айдан түшкөн принцтин,
Аалам кезем, минип алып атына…

...
Андан бери далай күн, ай, жыл өттү…
Жай жана биз жөнүндө ушул сүрөттү,
Сагынганда карап коюп туруу,
Галарея жасап койгом жүрөктү…
***17.07.2011-ж.***

## Бакыт Жунусалиев

*("Аптап" сынагынын 3-орундун ээси)*

# ТЕРЕКТЕН КАР ЖААП

Короодо түндү качырып,
Корозго таңды чакырып.
Башкача келди ушул жай,
Басыгы чаңды сапырып.

Кыналып өскөн жаздагы,
Кызгалдак гүлүн таштады
Кыздардын чыгып чырайы,
Кыскарды көйнөк, чач дагы.

Таманда баскан чаң ысып,
Тамырда соккон кан ысып.
Талыкшып жатат шаар ичи,
Табына күндүн баары ысып.

Тердетип турса ысык жай,
Теректен кар жаайт кызыктай.
Күн сүйгөн бети кызарып,
Күбүлөт жемиш бышып жай.

Көңүлдүн дартын белгилеп,
Көл жактан муздак жел жүрөт.
Толкундан чыккан көбүктөй,
Толтуруп жээкти эл жүрөт.

Суусуна бурган ал муздап,
Суугатчы жүрөт жалгыздап.
Табынан Күндүн качалбай,
Талаада турат жалгыз бак.

Үн катпай куштар бактагы,
Үлп эткен жел жок чакта бу.
Кепшеген уйдай керилип,
Кебелбейт жайдын аптабы.

## Мелис Маматжан уулу

*(“Кыргыз маданият борбору” сайтынын окурмандарынын сыйлыгынын ээси)*

# АБА МУЗДАТКЫЧ

Саратан кайнап жай күнү,
Кадамдайт ысык ар күнү.
Үшкүрсөң эле чыкпаса,
Жокко эсе желдин бар күнү.

Калаада аптап акчудай,
Каалгасын чертип какчудай.
Күпүлдөп кетет унаалар,
Күкүртү койсоң чакчудай.

Тепсесе күйгөн таманы,
Ордуна койдум санааны.
Аралап жүрүп базарда,
Муздаткыч алдым абаны.

Терлеген денем басылды,
Теринин жери ачылды.
Колдонсо болбойт көчөдө,
Бирок да мындай асылды.


Көралбай эмгек пайдамды,
Көөдөндө ойлор айланды.

Кутулбай аптап деминен,
Кетире бердим айламды.

Таң менен турдум оболу,
Толкуттум колдой обону.
Табият берген тоолорго,
Угузуп турдум жобону:

Акырын таптап амалды,
Ышкырык күчүм таралды,
Кыргыздын Ала-тоосунан,
Чакырып келдим шамалды.

# КҮЗ



## Жылдызбек Турсунбаев

*("Күз" сынагынын жеңүүчүсү)*

# ЧЫКЫРООН КҮЗ

Булут тосуп жарык күндүн бир көзүн,
Булбул куштун уга албайсың үндөшүн.
Кирип келди чыкыроон күз – айбаттуу,
Кийип алып кызыл-сары күрмөсүн.

Суук аба, муздак шамал, суз асман,
Суулар акпай муз денелүү тузактан.
Сумсайышса тоолор ичтен чыйрыгып,
Сук каргалар "карк-курк" этет узактан.

Төгөт жамгыр… Жолдор көлчүк тешилип,
Таманыңдан баткак өбөт эзилип.
Дарыялар киргил тартып ташкындап,
Дарак боздойт эчак алган чечинип.

Чулгап жерди үймөк сары жалбырак,
Чөп кубарат, бели сынып жалдырап.
Терезелер ным кучактап тердешсе,
Туман уктайт таалааларда магдырап.

Түтүн булап көккө кыштак үйүнөн,
Түндөр узун сестенчүдөй түрүнөн.
Камыккансыйт Жер-эне да ыр угуп,
Кайтып учса келгин куштар дүңүнөн.

Иттер тоңуп, эптеп үрбөй таң ашат,
Иштер кычап, мезгил санаа жаратат.
Мемиреген жылуулук бар бөлмөдө,
Мештин үстүн кумган, чайнек талашат.

Тоготпостон күзгү желдин үшүгүн,
Татып даамын жайкы эмгек үзүрүн,
Элеттиктер кызуу турмуш шарында,
Эбак жыйган отун, эгин, түшүмүн.

Аяганды көңүлүнө эч илбей,
Аяз ойноп айлананын бетинде эй.
Чыкыроон күз – улам сүрдүү ышкырат,
Чиркин өмүр тизмегинин кечиндей.
***28.11.2011***

## **Зайырбек Ажыматов**

*("Күз" сынагынын 2-орундун ээси)*

# АЛТЫН КҮЗ МЕНЕН АЛТЫН КЫЗ

Алтын күз сыртта… күн ачык,
Алтын кыз менден алыста.
Аралык азыр мунарык,
Апкаарып турам барышка….

Ошол кыз мага дары эле,
Жайнаган гүлдөй кулпуруп.
Анын да чачы сары эле,
Көздөрү Көлдөй туптунук…

Ал жүргөн жерлер шаң экен,
Азыр ал мага табылбай…
Ай чырай асыл жан экен,
Апаппак орус кайыңдай.

Сыр калды менде айтылгыс,
Кыйылам сен деп садага.
Алтын күз менен алтын кыз
Салдыңар мени санаага.

Сени эстеп далай сыздаармын,
Сезимге жанды мас кылдың.
Есенин сүйгөн кыздардын,
Элжиреп бирин жактырдым.

## Калича Исмаилова (Жакыпова)

*(“Күз” сынагынын 3-орундун ээси)*

# УШУЛ КҮЗ…

Ушул күзүм, былтыркыдан бөтөн күз
Улам мезгил өтсө биз да бөтөнбүз.
Каркырадай тизмектешип өмүрдөн
Кайтпай артка закым болуп өтөөрбүз.

Ушул күзүм, орун алды көңүлдөн,
Удургушуп жалбырактар төгүлгөн.
Жаз, жай жашап из калтырып андан соң
Кош айтышып бараткансыйт өмүрдөн.

Ушул күзүм, быйыл башка сезилдиң,
А балким ал сыйкырыдыр мезгилдин.
Күнүмдүк көз ирмеми бул жашоонун,
Күбөсүдүр бактылуу бир кезимдин.

Ушул кезде, буулугуума эм издеп
Бул турмушка алымсынбай, кем издеп,
Күздү сүйүп, күдөр үзбөй баарынан,
Келем жашап, кырды ойго тегиздеп.

Ушул күзүм, былтыркыдан бөтөн күз,
Улам мезгил өтсө биз да бөтөнбүз.
Узак сапар жолду басып өмүрдөн,
Ушул күздүн баркын билбей өтөөрбүз.

Узак сапар жолду басып өмүрдөн,
Ушул кездин баркын сезбей кетээрбиз…

# Бакыт Жунусалиев

*("Кыргыз маданият борбору" сайтынын окурмандарынын сыйлыгынын ээси)*

## КҮЗ КЕЛДИ

Куштар конуп сайрап турчу баштагы
Каргаларга толгон терек баштары.
Алар менен кошо келген сары күз
Акырындап төмөн түшүп баштады.

Жашын төгүп булуттар да көктөгү,
Бубак болду шүүдүрүмдөр чөптөгү.
Жыйбай калган жайдын жашыл этегин
Жыла басып күз мезгили тепседи.

Эстен кетпейт туулган жердин көркү — деп,
Эрте жазда келген куштар төркүлөп.
Кош-кош айтып учуп кетип жатышты,
Бул да болсо табигаттын эрки — деп.

Күн да ыктап улам тоолор тарапты
Күүгүм сымал мунарыктап таң атты.
Көчөлөрдү ээлей албай сейректеп,
Көлөкөлөр узун түшүп баратты.

Ала-Тоо да булуттарды жамынган,
Ак калпагын кийип кышка камынган.

Баягыдай талаа-түздүн көркү жок,
Балага окшоп чачы такыр алынган.

Тегерекке алтын чачып ашыгып,
Терин аарчып кирген эле шашылып.
Кымтып алып этек-жеңин күз кетти,
Кыроо баскан изин туман жашырып.

## Азамат Кыязов

# КҮЗ КҮҮГҮМ

Сур булуттан көйнөк кийип сумсайып,
Суук жыттанып суроо салат коңур күз.
Суроолору гаризонтто мунарык,
Суроолору закымданат тунарып.
Жооп бере албайм…
Жоопторум жөө туман,
Жүдөп-какап жолдо жаткан чубалып.
Каркыралар кыйкуулары угулбайт,
Карга гана «карк-курк» этет калдактап.
Кара карга каркылдагы музыка,
Кара карга каркылдагы муң, ыза.
Сенек жандар…
Сезимден кур денелер,
Себелеген жамгырың да бук, куса.
Үргүлөгөн күүгүм кирпик салган чак,
Үшүп турам, кеч күздүн бир кечинде,
Үшүткөндөр — аяз миздүү үмүттөр,
Үшүткөндөр — муз каптаган жүрөктөр.
«Күңк-мыңк» этип
Күкүк сааттын жебеси,
Күтүү сурайт, күрткү баскан мүнөттөр…

# КАР



## Зайырбек Ажыматов

*("Кар" сынагынын жеңүүчүсү)*

# ТАҢКЫ БУРГАНАК

Муздак жел кышты жулмалап,
Уюлгуп ак кар буйдалат.
Ак таңда чыксам ак дүйнө,
Аймалайт жүзүм бурганак.

Кечип мен аппак иримди…
Келатам салып изимди.
Ааламдан түшкөн аппак кар,
Агартчы көңүл, дилимди?

Сөгүлүп аткан таң сыңар,
Сөөгүмдөн, жандан зар чыгар.
Аруулай турган дүйнөнү,
Аппак кар силер барсыңар.

Ак бороон сени күтүнбөй,
Жүрчү элем жектеп, түшүнбөй.
Кар бүртүк бетке чачырайт,
Апамдын эмчек сүтүндөй.

Жазылбай канча ыр калып,
Жанды эзип далай ыйладык.
Бурганак болуп кетким бар,
Буйдалып жүрбөй, буйдалып.

*"ЖЫЛДЫН ТӨРТ МЕЗГИЛИ"*

*ырлар*

Күттүргөн жазы, күзү да,
Гүлдөгөн өмүр күчү да.
Ааламдан түшкөн аппак кар,
Алп Жердин эне сүтү да.

Ак таңда түндү кубалап,
Аппак кар жаашы уланат.
Асмандан түшүп атайы,
Аруула бизди бурганак…

## **Жылдызбек Турсунбаев**

*(“Кар” сынагынын 2-орундун ээси)*

# КАР БҮРТҮК

Көңүлүмдү көркөмдүгү ачып жай,
Көктөн жерге кулап бирден ашыкпай.
Аяр, назик жаап жатат аппак кар,
Адамзатты аруулаган бакыттай.
Эх, айрымы балмуздактай туюлуп,
Эриниме даам берет урунуп.
Эртең эрип жок болорун билсе да,
Ээ-жаа бербей үймөктөшөт жыйылып.
Жүзүм тоссом арнап жанга жыргалын,
Жумшактыгы термейт жүрөк кылдарын.

Жарып алып жатабы дейм каккылап,
Жаратканым жаздыгынын пырларын.
Арасында алтын бардай жылтылдап,
Аяз чулгап койгон окшойт сыйкырлап.

Булгагандан коркуп аппак денесин
Бассам ыйлайт балапандай чыйпылдап.
Кучакташып, уюлгушуп тигине,
Кубалашып жетпей бири-бирине.

Койкоңдошуп ары-бери бийлешет,
Коктулардын айдарым жел бийине.
Кар бүртүктүн бир мырзасы эртелеп,

Курдашына сөз айтууга белсенет.

Кирпигине аста консо селкинин,
Кыз кар бүртүк кызгануудa эркелеп.
Түшсө дагы түпсүздүктөн даттанбай,
Тазарттым деп айлананы мактанбай.

Ырыс-бакыт тартуу кылган сезимге,
Ырас бизге ынак жок го ак кардай…
А мен жүрөм көр тирликтин айынан,
Ак карчалык пайдалуу иш аткарбай…
***21.02.2012***

## Асыранкул Айдаралиев

*("Кар" сынагынын 3-орундун ээси)*

# БУРГАНАК

Аздап, аздап аппак кар себелеген,
Аалам, жерди аймалап «тебелеген».
Бүртүктөрү ак кардын себелеген.
Бүт дүйнөнү лапылдап «тебелеген»,

Бүлүк салып сезимди буулуктурат,
Буулуктурат не мурун кенебеген.
Сансыз ойду сагыныч аралаган,
Сампар карга тигилем сабалаган.

Жанчып жатты жай гана кар бүртүктөр,
Жан дүйнөмдү сыздатып, жаралаган.
Жүүнүм качып, жүлүнгө доо кеткендей,
Жүрөгүмдөн кан тамат, канабаган.

Бутту тушап бастырбай жемелеген,
Буюккан кар ышкырат «керегеден».
Бүт жер жүзүн кусалык каптагандай,
Бугум чыкпай ордумда тегеренем.

Булуттарга кошулуп сызгым келет,
Бурганактай буулуккан жебе менен.
Аппак кардай адеми дүйнөбүздү,
Аяганды билбей биз кирдетебиз.

Аруу, делбир дилибиз таза болсо,
Ала шалбырт көктөмгө бир жетебиз.
Алыс сапар, түбөлүк чексиздикке,
Аппак кардай бир эрип, бир кетебиз.
Бурганака айланган бул жашоого,
Бурганактап бир келип, бир кетебиз!..
***Финляндия***

## Мырзабек Саматов

*("Кыргыз маданият борбору" сайтынын окурмандарынын сыйлыгынын ээси)*

# КАР ЖАНА КЫШ

***(акроыр)***

**К**оңур күздүн өтүп убак мезгили,
кыш да келди бутка кийип «керзини».
Курт-кумурска уюгуна жашынды,
кыш ызгаарын ошолор да сездиби?
Көз ачканча жай, күз өтөт зымырап,
капырай ай, өмүр көчтүн тездиги.

**А**аламдагы жан-жаныбар, курту да,
айлана бүт жер да кошо уйкуда.
Аюу болсо эчак кирген чээнге,
ал да жатат үңкүр анын бурчу да.
Аппак жууркан жамыныптыр теребел,
ал антпесе сапсарыңкы турчу да.

**Р**айхан, жусай чөптүн баары куурады,
рабат үйдө музга айланды суу дагы.
Рахмат айтып кол кыскансыйт бооруна,
робот өңдүү кар кишинин турганы.
Роман жазып аяз айнек чиймелейт,
Россиянын ызгаарындай бул дагы.

*Кыргыз маданият борбору*
*“ЖЫЛДЫН ТӨРТ МЕЗГИЛИ”*
*ырлар*

**Ж**ашообузда жаратылыш жана биз,
**а**ныгында эриш аркак келебиз.
**Н**укка салып табияттын көркөмүн,
**а**кын сымал биз ыр кыла беребиз.

**К**уюн келип өчүрсө да шам чырагым,
кайра болбой үмүтүмдү жандырамын.
Кожоюну таштап кеткен тайган өңдүү,
кетпегин деп жолуң тостум жалдырадым.
Карагайдай жылаңач жалгыз калып,
күбүлдү ушул кышта жалбырагым.

**Ы**рысын берип кетти күз айлары,
ызгаары келип кыштын жүз аймады.
Ылдамдап аппак кардын учкунундай,
ысымың жүрөгүмдөн түз айдады.
Ызалыктан муз тоңуп көөдөнүмө,
ырымдан байкалууда күч алганы.

**Ш**актарым бубак басты ийилбедим,
шыпырып алсаң дагы кийимдерим.
Шаштымды бурганактап кетирсең да,
шамалдын кийимин мен кийинбедим.
Шашпагын көңүлүмө жаз келгенде,
шартыма көнөөрсүң кийин дедим!

## Калича Исмаилова (Жакыпова)

# КАР ЖАНА БАЛАЛЫК

Асмандан жаткан өңдүү ун эленип,
Акырын жерге түшүп, үбөлөнүп.
Ааламды аруулукка бөлөгөндөй,
Аппак кар, жаап жатты, себеленип.

Кар жааган ар бир айлуу, кышкы кечте,
Капылет өткөн кезим түшөт эске.
Санаада бир бүркүм ой жашап келет,
Сабалап алга карай мезгил өтсө.

Кыш кирсе, баары тегиз бубактанып,
Калчу эле кайран көңүл кубаттанып.
А бирок, кармалбастай кайып болгон,
Кар менин балалыгым сыяктанып.

Убакыт улам бөлүп арабызды,
Уурдайсын кыялыбыз, санаабызды.
Сампарлап жааган карга жүзүн тоскон,
Сагындым эрке кыял, «кара кызды».

Ойлочумун, кар жылдыздын элеси деп,
Ызгаардан тоңуп калган денеси деп…
Бактылуу күндөрдү эстейм, карды көрсөм,
Бае кез, балачактын күбөсү деп.

Суука үшүп, келсем, жашым тегеренип,

Санааркап калчу апам чебеленип.
Кайдадыр алыс калып ошол чактар,
Же калгандыр, кар алдында тебеленип…?

Асмандан жааган карды карап турдум,
Амалсыз жүрөгүмдөн канап турдум.
Балалык эске салган аппак карды,
Баса албай эмнегедир аяп турдум,
Бактылуу ошол кезди самап турдум…
***Нарын. 17.01.2012***

## Сулайман Турганбаев

# КАРСЕЗИМ

***(түрмөк)***
Бозоргон талааларды кыроо басып
Кыш дагы көп кечикпей келчү кирип…
Тигилип терезеге уза-ак-узак
Буюккан аяз үнүн аяр тыңшап
Экөөбүз жазды күтүп жашачубуз.

* * *

Кечээ күн кар аралаш жамгыр жаады
Кыңылдап келе жатып көчө бурчтан
О-о сулуум, көрдүм сени!
Чачыңды сууланышкан
Кол менен каптал жакка сылай тарап,
Жанымдан күнөөлүүдөй өтө бердиң
Бекемдеп мендеги бир ишенимди…

* * *

Буралган бетегеси жазды эңсейм.
Жааган кар борошолоп күчөп барат…
Байкуш дарак
Анын да арыз-муңу аз эместей,
Бүтүндөй боюн ийип… жыпжылаңач…

* * *

Кычыроон кыштын кечи
Агылып сен тарапка

Кар кечип эмен бакта жалгыз барам
Жарыгы терезеңдин
Жаныма кубат болуп,
Үшүгөн колдоруна кайылмын да
Муздаган дубалдарга атың жазам…

## Анарбек Абазбеков

# КАР ЖАМЫНГАН КААРДУУ КЫШ

***(түрмөк)***

* * *

Ак кардуу кыш.
Аяз беттен чымчылайт.
Теребел тынч.
Бирок көңү тынчыбайт.
Аппак кардан
Тон жамынып жер бети
Оор уйкудан
Ойгоно албай ныксырайт.

* * *

Кырч-кырч сынып
Бут алдымда аппак кар,
Муза коштоп,
Сапар тартып баратам.
Жалбырагын
Алмашыптыр ак карга,
Туруксузун теректердин карасаң.

* * *

Максаты бар,
Эч максатсыз, себепсиз
Издер жатат
Аппак карда эсепсиз.
Башты уруп,

“ЖЫЛДЫН ТӨРТ МЕЗГИЛИ”
ырлар

Миң аракет кылсаң да,
Турмуш өзү
Иргеп алат, элексиз.

* * *

Карасаңар.
Кар кишинин келбетин.
Көпкөк муздан
Жасашканбы берметин?
Бөбөк жүрөт
Аяз ата келсе деп.
Күндө он маал
Ичтен айтып келмесин.

* * *

Түкүрүгүң
Жерге жетпей муз болуп,
Муруттарды
Бубак басып, муз тоңуп.
Каарына калдыкпы деп ойлодум.
Коён жылы
Коркунучсуз деп коюп.

* * *

Аяз келет
Айтпай дебей капыстан.
Ышкырынып,
Бороон улуйт батыштан.
Сулуусуна жете албай боз улан
Заарканууда
Көчө таптап басыштан.

* * *

Ичиркентип,
Чыйрыктырып, үшүткөн
Кыш мезгилин,
Негедир мен көп күтөм.
Көктөн түшкөн
Кардын ар бир бүртүгү
Алаксытат
Жанды жеген түйшүктөн.

* * *

Күтүп күздүн аякташын тымызын,
Кыш да келген колго алып кылычын.
Бирок мени үшүтпөйт да, тоңдурбайт
Жүрөктөгү сенин демиң, ырысым.

# АВТОРЛОР

## Абазбеков Анарбек



1989-жылы 5-мартта Нарын облусунун Жумгал районуна караштуу Чоң-Дөбө айылында туулган. 2006-жылы Ж.Баласагын атындагы КУУнун кыргыз филология факультетине тапшырып, 2011-жылы аяктаган. Журналист.

## Ажыматов Зайырбек



1976-жылы 27-майда Аксы районунун Ак-Жол айылында төрөлгөн. 1993-жылы айылдык орто мектепти, 1998-жылы Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин журналистика факультетин аяктаган.

«Жалгыздык» (1996-жыл), «Мелмил» (2005-жыл), «Нөлү көп жылдар» (2011-жыл) ыр жыйнактарынын автору.

## Айдаралиев Асыранкул



Кесиби боюнча окутуучу, сүрөтчү, журналист. 1960-жылы 21-сентябрда Ат-Башы районуна караштуу Кызыл-Туу айылында туулган. 1981-1985-жылы Кыргыз мамлекеттик С.А.Чуйков атындагы көркөм сүрөт окуу жайын бүтүргөн. 2000-жылдан баштап 2009-жылга чейин "Агым" коомдук-саясый гезитинде эмгектенген. Кесибине байланыштуу катуу кысымдын айынан 2009-жылы өзүнүнү өлкөсүнөн аргасыз чыгып кетүүгө мажбур болгон. Учурда Финляндия Республикасынын борбору Хельсинки шаарында жашайт.

## Арыкова Жыпар



1973-жылы Нарын облусунун Кочкор районунда туулган. Кыргыз Мамлекеттик Университетинин филология факультетинин журналистика бөлүмүн аяктаган.
Т. Муканов атындагы жаштар сыйлыгынын ээси. Жазуучулар союзуна мүчөсү. “Жан муза” ыр китеп жыйнагын чыгарган.

## Исмаилова (Жакыпова) Калича



Нарын шаарында төрөлүп өскөн. Мектепти аяктаган соң Кыргыз Агрардык университетинин «Суу жана жаратылышты башкаруу» институтунун «Мелиорация жана жерди коргоо» факультетине тапшырып, 2008-жылы аяктап, суу инженери кесибин алган. Азыркы тапта Кыргыз Агрардык университетинде аспирантурада окуйт жана «Кыргызсуудолбоор» мамлекеттик ишканасында инженер-долборлоочу болуп эмгектенет.

Алгачкы ырларын 12-13 жашынан баштап жаза баштаган. "Эйфория" аталышындагы ыр китеби жарык көргөн.

## Жунусалиев Бакыт



1980-жылы Талас районуна караштуу Көк-Кашат айылында туулган. 1999-жылы Кыргыз-Түрк Манас университетине тапшырып, 2004-жылы педагогикалык багытта жогорку билимге ээ болгон. Учурда Арашан гуманитардык институтунун теология факультетинде окутуучу.

## Исабаева Жыпар



Азыркы кыргыз адабиятына адегенде акын катары келген. Обондуу ырлары эстрада ырчылары тарабынан ырдалып, өз күйөрмандарын таап калган. Ж.Исабаеванын "Жыландын сүйүүсү", "Алыкулду сүйгөн кыз", "Тагдыр жана сыйкыр", "Махабат мазары", "Сексен жетинчи ашуу" повесттери, "Адашкандар" романы окурман журтчулугуна сунушталган.

## Кыязов Азамат



1973-жылдын 12-апрелинде Нарын облусуна караштуу Кочкор районунун Ак-Жар айылында туулган. Кесиби журналист.

## Маматжан уулу Мелис



1992-жылы 11- январда Ош облусуна караштуу Кара-Суу районунун Жаңы-Арык айылында төрөлгөн.

Биринчи ырын 8 жашында жазган. Ырлары 2011-жылы жарык көргөн "Москва кайрыктары!" альманахына кирген. Учурда Екатеринбург шаарында эмгектенет.

"Апакемдин алмасы" деген китеби жарык көргөн.

## Саматов Мырзабек



1987-жылы 10-мартта Баткен облусунун Лейлек районундагы азыркы Жети-Таш айылында (эски Даркум) мугалимдин үй бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Алгачкы ырын13 жашында улуу инсан Исхак Раззаковго арнап жазган. Учурда Москва шаарында эмгектенет. 2011-жылдын күзүндө Москвадагы жаш акындардын арасындагы сынакта "Тебилбей калган селкинчек" аттуу темадагы ыр менен жеңүүчү болгон.

## Турганбаев Сулайман



## Турсунбаев Жылдызбек



1982-жылы 15-августта Жалал-Абад облусуна караштуу Кара-Көл шаарында туулган. 2005-жылдан тарта журналистика тармагында эмгектенип келет.

Алгачкы ырларын 14 жашынан тарта жаза баштаган. Ырларында көбүнчө публисцистикалык темаларга кайрылганды жактырат. Манасчылык, сөзмөрдүк жана акындык өнөрү боюнча республикалык бир нече таймаштардын баш байгесин багындырган.

2003-жылы Эл Аралык «Ч.Айтматов» атындагы фонд тарабынан уюштурулган «Дебют-I» жайкы мастер-класс мектебинин бүтүрүүчүсү.